УДК: 371.3 : 821 . 513.159.

Сураналиева К.К.

*Ж.Баласагын ат. КУУ*

# ҮЙ-БҮЛӨ МЕНЕН ПЕДАГОГДУН БИРГЕЛЕШИП КЫЗМАТТАШУУСУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ЭФФЕКТИВДҮҮ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

*Макалада мугалим, ата-эне жана окуучунун биргелешип иштөөсүндөгү айрым маселелер**:** миграциянын күчөшү, жаш үй-бүлөлөрдүн арасында ажырашуулардын күндөн-күнгө көбөйүшү, жыйынтыгында жаш балдар кароосуз калгандыгы, бала тутунган идеологиялык көз караштардын жоктугу, үй-бүлөлөрдүн материалдык деңгээлинин ар башкалыгы, балдардын психологиясына коомдогу терс көрүнүштөрдүн таасир бериши окуучулардын билим жана тарбия алуусуна кедергисин тийгизип жаткандыгы анализденди.*

***Негизги сөздөр:*** *үй-бүлө, ата-эне, миграция, идеология, камкордук, кароосуз, коом, институт, өспүрүм, инсан.*

*В статье проанализированы проблемы родителей, педагогов и детей, как: рост миграции, увеличение разводов молодых семей, в результате которых дети остаются без просмотра, отсутствие идеологии, которой придерживаются дети, различие материального уровня родителей, отрицательное влияние среды на психологию детей.*

***Ключевые слова:*** *семья, родители, миграция, идеология, беречь, без просмотра, институт, подростки, гражданин.*

*The research paper analyzes the problems of parents, teachers and children, such as: the growth of migration, the increase in the divorce of young families, as a result of which children are left without care, the lack of ideologies of which the children athere, the difference in parents' material levels and the negative influences of the environment on the psychology of children.*

***Key words:*** *family, parents, migration, ideology, cherish, without viewing, institute, teenagers, citizen.*

Азыркы учурда мектептин билим берүү системасында мугалимге олуттуу милдеттер артылууда. Алардын бири − мугалимдин ата-энелер жана башталгыч класстардын окуучулары менен бирдиктүү, комплекстүү иш алып баруусу.

"Үй-бүлө-коомдун социалдык тайпасы, инсандын турмушун уюштуруучу негизги формасы, жуптук союздаштар жана тууганды к байланыштар. Ата-эне ─ ар кандай коомдун негизги институту, туруктуулук менен өнүгүүнүн фактору", - деп Н.Я.Соловьев белгилегендей, адатта, үй-бүлө чакан мамлекет катары бардык эле коомдук түзүлүштөрдө өсүп келе жаткан жаш балдарды социалдаштыруунун эң негизги институту болуп эсептелген. Бирок учурда бул багытта көйгөйлөр жетиштүү. Таалим-тарбия иши аныкталган максаттан жана мазмундук ресурстан гана турбайт. "Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат", "Аганы көрүп, ини өсөт, эжени көрүп, сиңди өсөт", "Энесин көрүп, кызын ал, эшигин көрүп, төрүнө өт" деген макал-лакаптар байыркы замандан тартып эл оозунда жашап, ар дайым келечек муундарга таалим-тарбия берип келет. Уя ─ бул үй-бүлө. Бала – "балапандын" дене-боюнун физикалык негиздери жана руханий пайдубалы алгач дал ушул "уяда" түптөлөт. Үй-бүлөдө алган көнүмүш, таалим-тарбия баланын жан-жаратылышына өчпөс тамга болуп басылып, аны өмүр бою коштоп жүрүп отурат.

Байкообузда, жаш жеткинчектерге билим, таалим-тарбия берүүдө үй-бүлөнүн ролу жылдан жылга басаңдап, материалдык байлык, каражат табуу алдыңкы орунга чыгып бара жатат. Албетте, социалдык коомдон капиталисттик коомго карай бет алып жаткан мамлекетибизде олуттуу өзгөрүүлөр болууда. Кээ бир ата-энелер өкмөттүн айлыгына туруштук бере албай, миграциялык кырдаалга тушугуп, чет өлкөлөргө барып жан багууда, социалдык конфликттердин күч алышынан улам жаш үй-бүлөлөрдүн арасында

ажырашуулардын күндөн-күнгө көбөйүүдө, жыйынтыгында, жаш балдар кароосуз, камкордуксуз калууда, ири мамлекеттердин маданияты, илим-билими, диний көз караштары кыргыз элине таасирин тийгизип, коомдогу инсандар ар түрдүү көз караштарды тутунууда. Буга байланыштуу, ар бир үй-бүлө жеткинчек балдарын ар тараптуу тарбиялоодо, коомдогу инсандардын социалдык абалы бир нече деңгээлдерге бөлүнүүдө жана аталган шарттарга карата жеткинчектер, өспүрүмдөр билим, тарбия алууда. Ушундай оомал-төкмөл учурда элибиз кандай идеяга баш иерин, балдарын кайсы багытта тарбияларын, кандай адистикти сунуштарын да биле албай тургандыгына күбө болуп келебиз. Жогоруда келтирилген көйгөйлөрдүн түйүнүн чечүүдө кандай системалуу пландарды, республикалык деңгээлдеги иш-чараларды уюштуруу керек деген суроо азыркы учурдун актуалдуу маселелеринен болуп келет.

Педагог менен ата-эне жана баланын ортосундагы жакындык гана тарбиялануучунун билим сапатын өнүктүрүп, айрым жөндөмдүүлүктөрүн өөрчүтүп, гармониялык бүтүндүккө жеткирип, мамлекеттин, улуттун бекемделишине шарт түзө аларын турмуш далилдеп келет.

Н.К.Крупская үй-бүлөдөгү тарбиянын мааниси тууралуу мындайча оюн билдирген: “Гуманизм сезимин тарбиялоодо үй-бүлөнүн, ата-энелердин ролу чоң. Баланын кичинесинен баштап эле үй-бүлөдө аң-сезимдүүлүгүнүн негизи калыптанат”[1] – деген жыйынтыгын билдирген.

Ал эми белгилүү педагог Д.Н.Узнадзенин пикири боюнча, мугалим, ата-эне менен жаш жеткинчектин ортосундагы карама-каршылыктар жоюлганда гана, качан гана мугалим менен окуучунун, үй-бүлөнүн ортосундагы ишеним, жакшы көрүү, сыйлоо, урматтоонун негизинде жүргүзүлгөндө гана окутуунун жана тарбиянын максаттары ишке ашышы мүмкүн. Биз жашап жаткан коомдо башталгыч класстын, жогорку класстын окуучуларынын жаман жолдорго түшүшүнө ким күнөөлүү деген суроонун түйүнүн чече албай келебиз. Ата-энелер мугалимдерге шылташса, мугалимдер ата-эненин жоопкерчилиги чоң экендигин айтып келишет.

Окуу планындагы сабактарды изилдөөнүн максатына ылайык акцент коюу менен окутуу болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөөгө теориялык жана практикалык жактан даярдоодо олуттуу мааниге ээ болоорун көрсөттү. Ошону менен бирдикте, кесиптик-педагогикалык жактан даярдоонун аталган милдеттерди толук чечүү мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүү экендигин да тастыктады. Мындай жагдай педагогикалык адистиктердин окуу планына кошумча “Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу” атайын курсун киргизүүнү шарттады.

Мектепте жеткинчек үчүн үй-бүлө негизги социалдаштыруучу институттун ролун аткарат жана алардын аң-сезимдерин калыптандырат. Америкалык изилдөөчү Блум үй-бүлөлөрдүн шарттарын изилдеп олтуруп, “ыңгайлуу” жана “ыңгайлуу эмес” үй-бүлөлөрдүн балдарынын акыл-эсинин өсүүсүнүн коэффицентинин ортосундагы айырма жыйырма пайыздын тегерегин түзөрүн айткан. Ыңгайлуу эмес катары ар дайым конфликттүү, материалдык жактан каржалган, балага камкордук көрбөгөн үй-бүлөлөрдү, ыңгайлуу деп ынтымактуу, бакубат үй-бүлөлөрдү эсептеген. Ушундан улам инсандын калыптануусунун пайдубалы – бул үй-бүлө деп тыянак чыгарууга шарт түзөт.

Улутубуздун менталитетин анализдеген окумуштуу А.П.Смирнов өзүнүн “Быт и нрава кыргызов” деген эмгегинде мындайча белгилеген: “Кыргыздарда турмуш куруу күйөө менен колуктунун ортсундагы ыктыярдын негизинде болбосо дагы, көпчүлүк учурда

[1] Н.К. Крупская. Пед. Соч.т.2.М.1958.121-бет.

алар ынтымактуу жашашкан”.[2]

Мугалимдин ата-энелер менен иштөө жөндөмдүүлүгүн арттыруучу негизги касиеттер менен мүнөздөмөлөргө төмөнкүлөр кирет: ата-энелер менен кызматташууну таалим-тарбия ишинин натыйжалуулугун арттыруу зарылдыгын сезүү, ата-энелер менен иштөөгө зарыл болгон ар тараптуу билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөрдү аныктоо. Мектеп мугалимиинде дагы, ата-энелерде дагы башкалардын алдындагы жоопкерчиликтүүлүк, калыстык, адилеттүүлүк, ак ниеттүүлүк, чынчылдык, кайрымдуулук, жоомарттык, жаратылышка болгон гумандуулуктун болушу, коомдогу терс көрүнүштөр, өзүмчүлдүк, текеберчилик менен келишпестиктердин жоюлушу педагогикалык принциптердин негизделишине, коомдун алдыга жылышына көмөк көрсөтө алат.

Үй-бүлөдөгү педагогикалык таалим-тарбиялык багыт коомубуздагы бардык институттардын: үй-бүлөнүн, бала бакчанын, мектептин, кесиптик орто жана жогорку окуу жайларынын, айыл өкмөтүнүн, акимиаттын, мамлекеттик мекемелердин, органдардын, министрликтердин, коомдук уюмдардын, массалык маалымат каражаттарынын колдоосуна, ишмердигинин негизине алынып, алар бул мазмунга чыгармачылык менен мамиле жасап, аны дагы да байытып, өркүндөтүп, ушул багытта өздөрүнүн күндөлүк иш-пландарын түзүп, иш алып барууга тийиш экендигин коомчулук тарабынан ар дайым айтып келишет.

Психологдор менен педагогдор үй-бүлөдөгү мамилелерди бир нече топко бөлүшөт:

1) Бири-бири менен жылуу мамиледе болуп, үй-бүлөдөгү каражаттарды чогуу ынтымакта бөлүштүрүп, балдарына туура тарбия берген, маселелерди туура жолго койгондор

2) Майда-чүйдө нерселер үчүн ыркын кетиришип, араздашкан үй-бүлөлөр

3) Балдардын кандай шартта калгандыгына карабастан, өз камылгаларын, жеке кызыкчылыктарын ойлоп эки жакка басып кеткендер

4) Ичимдик ичкен сайын үйдө жаңжалдашып, балдарынын тынчын алган, уяда тынччылык болбогон адамдар

5) Балдарга такыр көңүл бөлбөй эле каражат таап келген, ар тарапка кетип, балдары менен алыс мамиледе болгондор.

Ата-энелердин кесиби дагы балдардын тарбиясына чоң таасирин тийгизгендигин педагогдор изилдеп чыгышкан. Бул тууралуу: “Бош убактарда ар түрдүү кызыктуу нерселерди уюштуруу: ырларды окуу, кызыктуу китептерди талкуулоо, үй-бүлөлүк пъесаларды уюштуруу, чогулуш, маданий жүрүштөрдү уюштуруу, кино-театрларга баруу ж.б. Жалаң эле улуу адамдар үй-бүлөчүлүктү коомдук иш менен туура айкалыштырбастан, жөнөкөй эле үй-бүлөлөр тарбияны туура уюштурушат. Эң башкысы, ар түрдүү адистикте иштеген ата-эненин балдары адептүү болуп чоңоюшат. Балдардын адептүү, тартиптүү болушунун бир себеби, коомдук ишти ийгиликтүү иштөө менен бирге үй-бүлө үчүн дайыма убакыт таба билип, жакшы салттарды калыптанта алышканында десек, жаңылышпайбыз [4: 45].

Эгерде ата-эне ынтымактуу мамиледе болуп, бири-бирин сыйлап турса, анда аны көргөн балдар дагы ыймандуу өсөт. Кыргыздарда мындан бир нече мурунку мезгилде ынтымактуу үй-бүлөлөр кездешип, аларды мактоо, сыйлоо менен башкаларга да үлгү болоор эле. Рухий-адептик жана патриоттук дөөлөттөрдү баланын жан дүйнөсүнө калыптандырууда үй-бүлөнүн тарбиялык ролун активдештирүү зарыл.

Ата-эне менен мугалимдин ортосундагы байланышты уюштуруу максатында

[2] А.П.Смирнов. Быт и нрава киргизов. Петербург.1982.20-бет.

төмөнкүдөй эксперименттерди уюштуруу өз жемишин берет:

1. Окуучулар, ата-энелер жана мугалимдердин ортосундагы иш-чараларды өткөрүү, аңгемелешүү, талкуу уюштуруу;
2. Окуучуларга, мугалимдерге жана ата-энелерге карата анкеталарды жүргүзүү;
3. Мугалим ата-эненин сабактарга, класстан тышкаркы иштерине катышуусуна шарт түзүшү;
4. Үй-бүлөнүн курулушу жана ыдырашы, балдардын толук кандуу тарбияланбай калышынын себептерин анализге алуу менен балдарга мамиле кылуу;
5. Мугалимдин үй-бүлө жана жаш жеткинчектер менен тыгыз байланышта иштөөсүнүн эффективдүү ыкмаларын табууга аракеттенүү.

Кичине кезинде ата-энени бала өтө эле баалайт. Бул дүйнөдө алардан башка эч бир идеалдуу адам жоктой сезилет. Демек, баланын ушундай пикирине, чынында эле, ата-энелер өздөрүнүн мамилелери, чынчылдыгы, адамгерчилиги, ак пейилдиги, эмгекчилдиги боюнча үлгү боло алса, мындайлар үй-бүлөнүн алгачкы фундаментин түзө алышат. Баланы багып өстүрүү, тарбиялоо, татыктуу билим берүү ата-эненин милдеттерине кирсе, баланы окутуу, билим берүү педагогдун функциясына кирет. Мугалимдин ата-эне менен иштөө компетенттүүлүгү калыптанганда гана өздөрүнө зарыл жетишээрлик масаттарга жетише аларын турмуш көрсөтүүдө.

**Адабияттар:**

1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. Жогорку окуу жайлардын мугалимдик адистиктери үчүн окуу куралы. /А.Алимбеков. - Бишкек, 2001.
2. Дидактика средней школы./ Под ред. М.Н. Скаткина. –М., 1982.
3. Карасартова Ж.Б. Алты жаштагы балдарды тарбиялоодо мектеп жана үй-бүлөнүн куту. /Ж.Б.Карасартова //К.Карасаев атындагы БГУнун жарчысы. -Бишкек, 2010. №24.
4. Кусеинова Зарылкан. Баланын жүрүш-турушун тарбиялоодо үй-бүлөнүн таасири. - Ф., 1972. 45-бет.
5. Сияев Т.М. Педагогикалык теориялар, системалар, технологиялар. -Б., 1999.
6. Дидактика средней школы./ Под ред. М.Н.Скаткина. -М., 1982.
7. Иманкулова С.Э. Использование дидактической игры в учебном процессе начальных классах. \\Вестник КГУ им.И.Арабаева. -Бишкек. 2011. №1. 204-207-беттер.
8. Карасартова Ж.Б. Алты жаштагы балдарды тарбиялоодо мектеп жана үй-бүлөнүн куту. /Ж.Б.Карасартова //К.Карасаев атындагы БГУнун жарчысы. -Бишкек, 2010. №24.
9. Смирнов А.П. Быт и нрава киргизов. –Петербург, 1982. 20-бет.